DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-307-313
УДК: 808

***Төлөнова З.***, *магистрант*
*e-mail: zarinatolonova615@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-8278-4720*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# ТЕЛЕРАДИО ЖУРНАЛИСТТЕРИНИН КЕП МАДАНИЯТЫНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Макалада телерадио журналисттеринин кеп маданиятына тиешелүү айрым маселелер каралган. Кеп тигил же бул коммуникативдик кырдаалда маалымат берүү, баа берүү, адресатка таасир этүү жана ал аркылуу анын кандайдыр бир иш-аракет аткаруусуна түрткү берүү кызматын аткарат. Кептин мындай кызматы журналисттердин кебинде өзгөчө мааниге ээ болот. Анткени журналисттин кеби адресатка толук жеткиликтүү, түшүнүктүү болуш үчүн, кеп маданиятынын көрсөткүчтөрү, принциптери сакталууга тийиш. Журналисттик кептин коммуникативдик сапаттары кептин тууралыгы, кептин тазалыгы, кептин байлыгы, кептин орундуулугу, кептин таасирдүүлүгү жана көркөмдүгү, кептин тактыгы сыяктуу критерийлер менен аныкталат. Бул эмгекте бул критерийлердин айрымдары, атап айтканда, телерадио журналисттердин кебинин тууралыгы, тазалыгы, таасирдүүлүгү жана көркөмдүгү маселелери кароого алынат. Кеп маданияты журналисттин кесиптик ийгиликтеринин негизи экендиги көрсөтүлөт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кеп маданияты, кеп, телерадио, журналист, көрсөткүч, кептин тууралыгы, кептин тазалыгы, кептин таасирдүүлүгү, кептин көркөмдүгү.*

***Толонова З.***, *магистрант*
*e-mail: zarinatolonova615@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-8278-4720*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ КУЛЬТУРЫ РЕЧИ ТЕЛЕРАДИОЖУРНАЛИСТОВ

*В статье рассмотрены некоторые вопросы, касающиеся культуры речи телерадиожурналистов. Речь в той или иной коммуникативной ситуации выполняет функцию сообщения, оценивания, воздействия на адресата и вследствие этого стимулирования человека к какому-нибудь действию. Такая функция речи имеет особенное значение в речи журналистов. Для того, чтобы речь журналиста была полностью понятной, доступной адресату, должны соблюдаться принципы и показатели культуры речи. Коммуникативные качества журналистской речи определяются такими критериями, как правильность речи, чистота речи, богатство речи, уместность речи, точность речи, дейтсвенность и выразительность речи. В данной работе рассмотрены некоторые из этих критериев, в частности: правильность, чистота, выразительность речи телерадиожурналистов. Было отмечено, что культура речи является основой профессиональных достижений журналиста.*

***Ключевые слова:*** *культура речи, речь, телерадио, журналист, показатель, правильность речи, чистота речи, действенность речи, выразительность речи.*

***Tolonova Z.***, *undergraduate student*
*e-mail: zarinatolonova615@gmail.com*
*ORCID: 0009-0001-8278-4720*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## SOME ISSUES OF SPEECH CULTURE OF TV AND RADIO JOURNALISTS

*The article discusses some issues related to the culture of speech of TV and radio journalists. Speech in a particular communicative situation performs the function of communication, evaluation, impact on the addressee and, as a result, stimulating a person to some action. This function of speech is of particular importance in the speech of journalists. In order for a journalist's speech to be fully understandable and accessible to the addressee, the principles and indicators of speech culture must be observed. The communicative qualities of journalistic speech are determined by such criteria as correctness of speech, purity of speech, richness of speech, relevance of speech, accuracy of speech,*

*validity and expressiveness of speech. In this paper, some of these criteria are considered, in particular, the correctness, purity, expressiveness of the speech of television and radio journalists. It was noted that the culture of speech is the basis of professional achievements of a journalist.*

***Keywords:*** *speech culture, speech, TV and radio journalist, indicator, correctness of speech, purity of speech, effectiveness of speech, expressiveness of speech.*

Тил – улуттун духу (В. фон Гумбольдт) гана эмес, анын маданий дөөлөтү, көрөңгөсү. Ал эми кеп тилдин реализациясы катары каралат. Андыктан биз улуттук тилибизде сүйлөөдө тилге байланыш-катыштын жана пикир алышуунун каражаты, куралы катары гана мамиле кылбастан, өзүбүздүн рухий маданиятыбыздын, тилибизге жасаган маданияттуу мамилебиздин көрсөткүчү катары да мамиле кыларыбызды унутпашыбыз керек. Ушунун өзү эле тилибиздеги кеп маданияты тууралуу айтууга негиз берет.

Кеп белгилүү бир коммуникативдик кырдаал-шартта бирөөгө маалымат берүү үчүн, ички сезим-туюмду, эмоцияны билдирүү, баа берүү үчүн жана ал аркылуу адресатка таасир этип, анын реакциясын жаратуу жана ага ылайык иш-аракет жасоого түрткү берүү максатын көздөйт. Эгер кеп адресатка толук жеткиликтүү жана түшүнүктүү болбосо, анда ал максатына жетпеген кеп болуп эсептелет. Ал эми массалык маалымат берүү, кабарлоо милдетин аткарган журналистикадагы, анын ичинде телерадио журналистикадагы кеп, анын маданияты өзгөчө сөз кыла турган, изилдеп-талдоого алынууга тийиш болгон маселелерден.

Жалпы эле кептин, анын ичинде журналисттик кептин коммуникативдик сапаттарына жана максаттарына кептин тууралыгы, тазалыгы, түшүнүктүүлүгү, образдуулугу, адептүүлүгү, орундуулугу, таасирдүүлүгү кирет. Бул тууралуу биз таанышкан эмгектерде көрсөтүлгөн [1; 2; 3; 4; 5; 6]. Булардын айрымдарына токтолуп көрөлү.

**Кептин тууралыгы** – жалпы коомчулук үчүн бирдей мүнөзгө ээ болгон адабий тилдин калыптанган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык нормаларын туура колдонуу, конкреттүү шарт-кырдаалга жараша тилдик бирдиктердин эң мыктысын колдонуу аркылуу өз ой-пикирин ачык-так жеткирүүгө жана туура маалымат берүүгө аракеттенүү.

Телерадио коомдун күзгүсү экендиги жалпыга белгилүү. Ал эми телерадио журналист туура сүйлөбөсө, туура жазбаса, адабий тилдин жалпыга бирдей милдеттүү мүнөзгө ээ нормаларын, эрежелерин, талаптарын толук, так сактабаса, туура колдонбосо, кеп маданияты жөнүндө кеп кылуу мүмкүн да эмес. Кептин тууралыгы жалпы эле кеп маданиятындагы эң негизги шарты, башкы талабы деп айтууга болот.

Эгерде сүйлөгөн сөзү, айткан кеби туура болбосо, мыкты журналист болуу мүмкүн эмес. Адабий нормативдик жактан туура эмес кеп менен эң эле жөнөкөй кабар же маалымат берүү, бир нерсе түшүндүрүү, атүгүл, күнүмдүк пикир алышуу мүмкүн эмес. Ал эми күндөлүк турмушубузда теле берүүлөрдө, радио уктурууларда мындай каталарга мисалдар абдан көп орун алат. Алсак, курулуш банкасы (курулуш банкы), угарман үзүлүп кетти (угарман байланыштан алыстап кетти), өтүп кеткен апамдын туулган күнү менен куттуктайм (апамдын өтүп кеткен туулган күнү менен куттуктайм), канаттуу сөздөр (учкул сөздөр), саат он сегиз нол нол (саат он сегиз нөл-нөл), басманын беттерине (басма сөз беттерине), биз бул сунушту колдоп берейилик (биз бул сунушту колдоп берели), жалпыңыздарга саламдар болсун! (жалпыңыздарга салам айтабыз), иттин күйөөсү (иттин эркеги), уй төрөгөн (уй тууган), мышык бакырып жиберди (мышык мыёолоп жиберди), биз азыр сизге өзүбүз чыгабыз (биз азыр сизге өзүбүз телефон чалабыз), бир кол, бир баш болсок гана ийгиликке жетебиз (бир

жакадан баш, бир жеңден кол чыгарсак гана ийгиликке жетебиз), булакты көрсөң, көзүн тазала (булакты көрсөң, көзүн ач), жаандын алдында калбаңыз (жаанда калбаңыз), кош бойлуу мектеби (кош бойлуулар мектеби), бул өтө күлкүмүштүү (бул өтө күлкүлүү), мен эфирге даярданыш керекмин (мен эфирге даярданышым керек), мен барбачум (мен барчу эмесмин), Биз ар бир күнү китеп окуш керекпиз (окушубуз керек), Биз кичине кезибизде өтө тентек болчук (болчубуз), Алардын мындай жолго барыштары (барганы) туура эмес ж. б. айтылыштарды алсак, булардын кашаа ичиндеги варианттары туура, ал эми кашаанын сыртында берилгендери туура эмес айтылыш катары аныкталат.

Стилдик жана конкреттүү жагдай-шартка, учурга жараша айрым сөздөрдүн, аталыштардын башка бир варианты, метафораланган түрү колдонулат. Бирок андай варианттар, аталыштар адабий тилдин нормасына терс таасирин тийгизип, анын биримдик-бүтүндүгүнө зыянын тийгизбөөгө тийиш. Стилдик максатта көмүрдү “кара алтын”, “тамекини “сары алтын”, пахтаны “ак алтын”, эгинди “кызыл алтын” деп ыктуу колдонсо жарашат. Бирок мындай колдонуунун дагы чеги болушу керек. “Алтын, алтын” дей берсек, *алтын* сөзүнүн өзүнө төп касиет-кунары качат да, бара-бара айрымдарыбыз “алты тонна кара алтын алдым эле, кыш аягына жетпей калды”, “сары алтынды салаасына чычайта кармап, көк түтүнүн көккө буркуратат” деген сымал сүйлөм жаратууга чейин жетишибиз да мүмкүн.

Демек, жогоруда көрсөтүлгөн каталардан жыйынтык чыгарып, төмөндөгү маселелерге көңүл бөлүшүбүз керек:

1) ар бир сөздүн өзүнүн атоо өзгөчөлүгүнө ылайык туура колдонуп, атап жаткан нерсенин, түшүнүктүн так аталышын берүү же термини болсо колдонуу керек;

2) бир уңгудан жаралып, бирок ар түрдүү түшүнүктү билдирген сөздөрдү чаташтырбай, ар бирин өз ордуна колдонуу керек;

3) морфологиялык формаларды туура колдонуу керек.

4) ар бир сөз орфографиялык жана орфоэпиялык эрежелердин негизинде жазылууга жана айтылууга тийиш.

Журналисттердин кебинин коммуникативдик сапатына, маданияттуулугуна тиешелүү маанилүү маселелердин дагы бири – **кептин тазалыгы** болуп саналат. Бул кайсы тилде сүйлөп жаткан болсоң ошол тилде таза сүйлөөнү, чет сөздөрдү ыгы жок колдонбоону түшүндүрөт. Сүйлөгөн сөзүбүз таза болбой туруп, тилибиздин жалпы маданияты жаатында кеп кылууга да мүмкүн эмес. Кээде чет сөздөрдү да жөнсүз бузуп, түзүлүшүн өзгөртүп, басымды туура эмес коюп, айрым учурда сөзмө-сөз туура эмес которуп же болбосо которбостон эле, айта турган оюн же түшүнүктү билдирер өз тилинин каражаттары бар экендигине карабастан, башка тилдин каражаттарын, орус, англис тилдерин аралаштырып сүйлөгөн жагдайлар арбын. Мисалы: где-то сентябрда бокс боюнча чемпионат мира болот (болжолдуу түрдө сентябрда бокс боюнча дүйнөлүк мелдеш өткөрүлөт), рабочая сила табылат (жумушчу күч табылат), ручкамдын запасы жазбай калды (калемимдин сыясы түгөндү), сиз бизге мешайт этип жатасыз (сиз бизге жолтоо болуп жатасыз), ситуациядан чыгуу керек (кырдаалдан чыгуу керек), кечиресиз, отчествоңузду айтып койсоңуз (кечиресиз, атаңыздын атын айтып койсоңуз), мен заказ бердим эле (мен буйрутма бердим эле), бир аз скромный болуш керек (бир аз токтоо, оор басырыктуу болуш керек), бул сенден зависеть этет (бул сенден көз каранды болот), сразу капаландым (дароо капаландым), даканса күрөшөбүз (акырына чейин күрөшөбүз), срочно бизге байланышка чыгыңыз (тезинен

бизге байланышка чыгыңыз), пожалуйста, бизге суу берип коюңузчу?! (сураныч, бизге суу берип коюңузчу?!), уже жумуш башталган (жумуш эбак эле башталган), короче, жакшы адам болуу керек (кыскасы, жакшы адам болуу керек), жумуштан повышениеге кетет окшойм (жумуштан көтөрүлөт окшойм), кстати, смс жөнөткөндү унутпаңыздар (баса, билдирүү жөнөткөндү унутпаңыздар) ж. б.

Мындай көрүнүштөргө чара көрүү үчүн тилибиздин жалпы маданиятын арттырууга багытталган иштерди жасоо максатка ылайык. Буга ар бир тилдин өзүнүн өзгөчөлүгүн шарттоочу, аны айгинелөөчү иш-чаралар катары адабий тилдин нормасын бузбоо, кеп тууралыгын жана тазалыгын арттыруу кирет.

Академик, тилчи-окумуштуу С. Ж. Мусаев өзүнүн эмгегинде: “Тилдин жалпы маданияттуулугу, анын ачык-так, таасирдүүлүгү, таамай, жеткиликтүүлүгү, кудурет-күчү, жагымдуу, көркөм элестүүлүгү, кулакка куюлуп, дилге уюп, көөдөндө калышы, түшүнүк-туюмдуулугу, алды менен, кеп сөзүбүздүн тазалыгынан башталат” [Мусаев, 1999: 49] деген пикирин билдирген. Албетте, кеп тазалыгы, туура сүйлөө дегенде эле алгач башка тилдердин сөздөрүн аралаштырбай, өз эне тилибиздин өзгөчөлүгүнө ылайык тилдик каражаттарды туура колдонуу менен сүйлөө экендиги талашсыз. Күнүмдүк кебибизде өз пикирин айтып билдирүүдө өз эне тилинен каражат издеп отурбай эле эчактан бери көнүмүш болуп калган орус сөздөрүн кошуп айта салуу адатка айлангандай. Бул көрүнүш тилибизде оркоюп өөн учурап жатса да, өзүбүздүн тилдеги сөз каражаттарды унутуп, анын ордун биротоло ээлеп алган, өз сөзүбүздү унуттуруп койгон керексиз сөздөрдөн кутула албай келеткандыгыбыз айдан ачык.

Коомдун тамырын кармап келаткан телерадио тармагындагы журналисттердин, айрыкча, дикторлордун жана алып баруучулардын кеби таза болушу керек. Алар ар бир сөздү, өзгөчө, терминдерди жана неологизмдерди так айтып, сүйлөп жатканда сөзүнүн башын кыргызча, аягын башка тилде бүтүрбөй, кебинин тазалыгына кылдат көзөмөл кылуусу шарт.

Негизи кептин тазалыгы жөнүндө кеп кылууда анын эки аспектиси эске алынууга тийиш:

1. Четтен кирген, өздөштүрүлгөн сөздөрдү колдоно билүү;
2. Жалпы элдик тилибиздеги эле төл сөздөрдү туура колдонуп, туура айкалыштыра билүү, жалпы элдик тилдин байлыгын пайдалана билүү.

Кептин тазалыгына кедерги болуучу көрүнүштөргө төмөнкүлөр кирет:

1. Варваризмдер – эч кандай зарылчылыгы жок туруп кепте колдонулган, жалпы элге түшүнүксүз болгон чет сөздөр.
2. Диалектизмдер – адабий тилдин нормасына ылайык келбеген, диалектинин аймагында гана колдонулган сөздөр. Бул кептин туура кабыл алынышына, түшүнүүгө тоскоол болот. Диалектизмдер көркөм чыгармаларда, каармандын кебинде анын мүнөзүн, белгилүү бир аймактын колоритин ачып берүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Диалектилер адабий тилдин баюусунун негизги булагы экени талашсыз. Бирок адабий тилдин нормасына кабыл алына элек диалектизмдерди колдонуу туура эмес. Кеп маданиятынын негизги талабы – адабий тилде сүйлөө.
3. Жаргонизмдер – белгилүү бир коомдук топто, чакан чөйрөдө гана колдонулган сөздөр. Жаргонизмдер диалектизмдер сыяктуу эле кептин түшүнүктүүлүгүнө, жеткиликтүүлүгүнө кедерги болуу менен бирге, кептин этикалык жана эстетикалык

сапаттарына да терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Анткени алар, адатта, терс эмоциялык маанини туюндуруу үчүн колдонулат.

4. Вульгаризмдер – турмуштук айрым бир кубулуштарды орой сүрөттөгөн, адамдык ар-намысты тебелеген, этикалык-эстетикалык ченемдерге ылайыксыз сөздөр.

5. “Мите” сөздөр – кепте эч кандай маани туюнтпаган, көнүмүш адат катары гана тез-тез колдонулган сөздөр. Буларга тиги, бул, неме, баягы, ошол, мисал үчүн, неметип (эметип) ж. б. сөздөр кирет. Бул сөздөр кепте маанилик жүк көтөрбөйт да, семантикалык боштукту, вакуумду жаратып, кепти кабыл алуунун сапатын төмөндөтөт. Мите сөздөрдү колдонуунун себеби ар кандай болушу мүмкүн: толкундануу, ой жүгүртүүнүн тез эместиги, лексикондун жардылыгы. Кандай себептер болбосун, мите сөздөрдөн арылууга аракет кылуу зарыл.

6. Канцеляризмдер – тилде өзүнчө бир штампка, мөөргө айланган, мааниси жоюлуп кеткен сөздөр же сөз айкаштары. Канцеляризмдер – десемантизацияланган, мааниси жоголуп кеткен сөздөр. Ошол эле учурда алар иш кагаздар стилине мүнөздүү эмоциялык жардылыкты, жансыздыкты алып жүрөт. Канцеляризмди колдонуу ой жүгүртүүнү начарлатат, айтуучу өз оюн, сезимин, мамилесин так чагылдырган сөздөрдү чыгармачылык менен издөөнүн ордуна даяр штамптарды айта салууну адатка айландырып алышы мүмкүн. Ошону менен бирге канцеляризмдер кепти жансыз, сезимсиз кылып, элестүүлүктү, көркөмдүүлүктү төмөндөтөт.

Журналисттик кеп маданиятынын коммуникативдик максаттуулугунун дагы бир көрсөткүчү, болгондо да жогоркусу – **кептин таасирдүүлүгү** же коомчулукка кеңири таасир этүүчү касиетке ээ болушу, **көркөмдүгү**. Журналист өз кебинде тилдик каражаттар менен биргеликте көркөм сөз каражаттарын активдүү колдонууга тийиш.

Изилдөөчүлөр Л. А. Введенская менен Л. Г. Павлованын эмгегинде сүйлөөчүнүн лексиконунун байлыгына токтолуп, жөнөкөй адамдын лексиконунда жок дегенде 7-9 миңден тартып, 11-13 миңге чейин сөз камтылууга тийиш экендигин айтышат. Ал эми көркөм сөз чеберлеринде лексикондун байлыгы чеберчиликтин көрсөткүчү катары бааланышы керек дешет. Мисал катары айтсак, А. С. Пушкиндин чыгармаларында 21 миң сөз колдонулган болсо, С. Есенин 19 миң, М. Сервантес 17 миң, В. Шекспир 15 миң сөз колдонгон [2]. Демек, телерадио журналисти адабий көркөм чыгармаларды байма-бай окуп, сөз байлыгын өркүндөтүп туруусу зарыл. Анткени лексикондун жардылыгы кеп маданиятын жогорулатууга тоскоол болот.

Журналисттин кеби жөн гана кабарлоо, маалымат берүүгө багытталбай, таасир этүүгө багытталышы керек. Бул кептин көркөмдүгүнө байланыштуу болот. Журналисттин кеби угуучуга, көрерманга маалымат, кабар гана жеткирбестен, айтуучунун сезимдерин, мамилесин кошо жеткириши керек. Берилип жаткан маалымат сезимдер менен шөкөттөлүп, эстетикалык рахат тартуулоого, угуучунун, көрермандын сезимдерин жандандырууга, анын айтуучу менен чогуу кубануусуна, кайгыруусуна, ойлонуусуна түрткү болот. Күчтүү сезим менен айтылган көркөм кепти угуп жатып, адам өзү жактырбаган, каршы болгон нерсеге ынанып, берилип кетиши да мүмкүн, анткени сезимдер жугуштуу болору илгертеден эле айтылган.

Кептин таасирдүүлүгүн, көркөмдүгүн төмөнкүдөй бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) эмоциялык (сезимдик) көркөмдүк;

2) интонациялык көркөмдүк;

3) семантикалык көркөмдүк.

Эмоциялык көркөмдүк, жалпысынан, сезимдерге негизделип, сезимдердин көп түрдүүлүгү, күчтүүлүгү менен сүрөттөлөт. Мындай көркөмдүк, айрыкча, саясий берүүлөрдө саясий кептерге, талаш-талашты жараткан дискуссияларга мүнөздүү.

Интонациялык же сүйлөө көркөмдүгү интонацияны ыктуу колдонуу менен түзүлөт, башкача айтканда, алып баруучу сүйлөп жаткан учурда үнүнүн кубулуп өзгөрүп турушу, басымдардын, тынымдардын ыктуу коюлушу, үндүн катуулугун чебер пайдалануу аркылуу кептин көркөмдүгүн жогорку деңгээлге көтөрө алат.

Семантикалык көркөмдүк деп кептин мазмундуулугун, ойдун ырааттуу берилишин айтсак болот. Журналисттин кеби угуучуну, көрарманды өзүнө тарткан кызыктуу ойлор менен биргеликте, күтүлбөгөн жыйынтыктарга жетелеп, өзүнө арбап турушу керек.

Телерадио журналисти кебин ар дайым көркөм сөз каражаттары менен коздоп туруугa тийиш. Аларга троптор: эпитет, метафора, гипербола, литота, кеп фигуралары: оксюморон, параллелдүүлүк ж. б. у. с. кирет.

Демек, телерадио журналисти тилди, анын мүмкүнчүлүктөрүн терең билүү аркылуу кеп, сүйлөө маданиятын жогорулата алат. Журналист кебинин көркөмдүүлүгүн, таасирдүүлүгүн арттырууда башкалардын жана өзүнүн кебине көңүл буруп, талдап, анализдеп, кемчиликтерин таап жана аларды жоюуга аракет кылуусу абзел.

Демек, кеп маданиятын калыптандыруу үчүн кептешүү же сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу, кеп маданиятынын көрсөткүчтөрүн билүү зарыл. Дал ушунун натыйжасында, башкача айтканда, кеп маданияты жогору болгон, сөз байлыгы көп, кеби так, таасын, таамай жана таасирдүү болгон журналист өз ишинде жетишкендиктерге ээ болуп, адресаттар менен коммуникацияда ийгиликтерди жаратары шексиз.

**Адабияттар:**

1. Ашырбаев, Т. Кеп маданияты [Текст] / Т. Ашырбев, А. Айтмамбетов. - Бишкек, 2004.

2. Введенская, Л.А. Культура и искусство речи. Современная риторика : Учеб. пособие [Текст] / Л. А. Введенская, Л. Г. Павлова. - Ростов н/Д.: Феникс, 1999.

2. Головин, Б. Основы культуры речи [Текст] / Б. Головин. - М., 1990.

3. Дүйшөкеева, А.Т. Радиожурналистиканын негиздери [Текст] / А. Т. Дүйшөкеева. - Бишкек, 2013.

4. Жаманбаева, Т. Телерадио алып баруучусунун чеберчилиги [Текст] / Т. Жаманбаева. - Бишкек: Улуу тоолор, 2014.

5. Мусаев, С.Ж. Кеп маданияты жана норма [Текст] / С. Ж. Мусаев. - Бишкек, 1999.

6. Сыдыков, Г. Б. Риторика. Культура речи журналиста [Текст] / Г. Б. Сыдыков, Ж. М. Орозалиева, Э. К. Мусаев. - Бишкек: Кольби, 2006.